ОшМУнун сырттан жана дистанттык билим берүү боюнча проректору, Жумабаева Т.Т. жетекчилиги алдында өткөрүлгөн тегерек столдун

Протоколу

Өткөрүлгөн күнү: 29.11.19. саат :14:00

Тегерек столдун темасы: “ОшМУнун дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндөгү практикалардын абалы”

Модератор: ОшМУнун сырттан жана дистанттык окуу боюнча проректору, б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т.

Катышуучулар: Жалпы: 68

Катышкандар: 44

Катышпагандар: 24

Баяндамачылар:

1. Батыралиев А.Б., п.и.к., доцент, ОшМУнун педогогикалык борборунун директору – “Педагогикалык практикалардын учурдагы уюштурулушу жана абалы” .
2. Матикеев Т.К., п.и.к., доцент, ОшМУнун өндүрүш менен байланыштар департаментинин директору – “Педагогикалык эмес практикалардын учурдагы уюштурулушу жана абалы”.

Жумабаева Т.Т.. : Саламатсыздарбы, бүгүнкү тегерек столдун ишине катышууга биз атайын факультеттеги практика жетекчилерин, декандын сырткы бөлүм боюнча орун басарларын, практикага жоопту кафедра башчыларын чакырганбыз. Сиздер менен биз атайын азыркы учурдагы сырткы бөлүмдөгү педагогикалык жана өндүрүштүк практикалардын уюштурулушу жана абалы боюнча сөз кылабыз. 1. Максатыбыз- сырттан окуу бөлүмүндө өткөрүлүп жаткан практикалардын учурдагы абалына анализ берүү менен жаныланууу, инновациялуу жолдорун изденүү .Анда педагогикалык борбордун директору Батыралиев А.Б., баяндамасына көнүл бурсак.

Батыралиев А.Б., -Урматуу тегерек столдун катышуучулары, мен бүгүн сиздерге бүгүнкү күндөгү педагогикалык практиканын абалы жана андагы көйгөйлөр тууралы айтсам. Бизде биринчи көйгөй сырткы бөлүмдөгү студенттердин практикага катышуусу жана практикага бөлүнгөн сааттардын аткарылышы боюнча. Студенттер убагында практика өтөгөнгө бөлүнгөн мектепке барбайт жана документтерди убагында тапшырбайт. Демек, окутуучуларга бөлүнгөн сааттар дагы аткарылбайт. Ошон үчүн менден сунуш, саат бөлүштүргөндө иштеген студенттерди эске алып, ар бир студентке 1 сааттан кана бөлүштүрсөк. Санариптештирүү боюнча жаны технологияларды пайдаланып пратикадан өткөрөбүз дегенинен дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенттерин өздөрү келишим алып келген айылдардагы мектептерге бөлсөк, ушул күнгө чейин отчетторун тапшыра алышпай журот.(доклад тиркелет).

Матикеев Т.К., - Педагогикалык эмес практиканы уюштурууда дагы маселелер өтө көп , биринчи эле маселе студент практикага баруучу мекеме, иш каналар аларды практикага ала бербейт, андан кийин студенттердин катышуусу жаман, сабакка келбеген студент практикага да келбейт, бардык практика формалдуу турдө өткөрүлөт. Демек, окутуучуларга бөлүнгөн сааттар аткарылбайт.Ошон үчүн мен төмөнкүлөрдү сунуштайм:
1.Дистанттык окуу бөлүмүндө практика уюштурууда ийкемдүү жолдорду колдонсок,жаны технологияларды пайдалануу менен.
2.Практиканын сааттарын бөлүштүрүүдө, алыстагы студенттердин шарттарын эске алсак.
3.Ишканалар менен жекече келишим түзүү.Эгер студент иштесе иштеген жерине келишим боюнча бөлсөк.
4.Декандын орун басарлары, методистер студенттердин картатекасын түзсө.
5.Практика боюнча жазылган 24-бюллетенге өзгөртүү киргизсек. Өзгөртүү боюнча сиздер сунуштарыныздарды берсениздер.(Баяндама тиркелет)

Сунуштар жана суроолор:
Жумабаева Т.Т., - Талант Курбаналиевич, биз менен кызматташкан өндүрүштүк мекемелер, биздин сайтка киргизилгенби? Карьера борбору менен иштегенсиздерби?
Матикеев Т.К., -жок
Жумабаева Т.Т., -Сунуш, келишим болгон мектептерди, мекеме иш каналардын баарын карьера борбору менен биргеликте иштеп сайтка киргизип коелу. Ошондо студенттерге практиканы өтүлүүчү мекемени тандоого мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.
Суроо: *Кадыров М:* -“отчет” деген нерсени жок кылалы, ким каякка чыкса берилеген мекемеден алып келинген мүнөздөмө боюнча баалап койсок?
Айтбай к А: -Биздин студенттер ишканаларга барганда алар практиканттар үчүн төлөм сурап жатат.Бирок биз төлөп бере албайбыз себеп, ваканцияда саат жок.
Кудуев А: Сааттык акы өндүрүштөгү жетекчилерге кайсы тариф менен төлөнөт (доцент, окутуучу, профессор)?

Сунуш: *Белеков Ж*: - Келишим түзгөн ишканада бир адам практика боюнча жоопту болсо, биз ага саат боюнча төлөп берсек.
Турдубаева Г.Т.,- Күндүзгү бөлүм, сырткы бөлүм баардыгыныздарда практиканын буйруктары өз убагында чыкпайт, ошого катуу көнүл бурсаныздар.
Султанов Ж: -Пилотный кылып, бир эки факультеттин практикасын дистанттык технологиянв пайдаланып практикадан өткөрсөк. Окутуучулардын командировкасына акча төлөп берсе.
Айниса эжеке: - Санариптештирүү же дистанттык технологияны колдонуу аркылуу студент практика учурунда ала турган компотенцияларды ала алышабы? Саат бөлүштүргөндө тажрыйбасы, методикасы жогору, окутуучуларга практиканын сааттарын бөлүшсө.
Матикеев Т.К., - окутуучулар саат жуктөмдөрүн жоопкерчиликтүү аткарышы керек. Иштейм десе дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун аткарса болот.
Сопуев А: - Жогоруда жакшы сунуштар айтылды, бирок биздин колдон келбеген иштер дагы болуп жатат. Айрым банктар 1 студентке 1000-2000 сомго чейин төлө дешет. Бирок бул акчаны төлөй албайбыз. Сайтка мекеме ишканалардын баары киргизилсе жана парктиканы уюштурууда карьера борбору дагы жоопкерчиликтүү болсо. Бизде карьера борбору менен иштегендер аз болуп жатат. Ал эми сырткы бөлүмдө практикага эмес сабакка келе албай жатышат.

Баяндамачылардын жана талкууга катышкандардын сунуш-пикирлеринин негизинде төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

1. Практика өтүлүүчү жайларды, ишкана мекемелерди тактоо, сайтка жайгаштыруу менен, сырттан окуган студенттердин тандоосуна жетишүү, ОшМУнун өндүрүш менен байланыштар департаментинин директору, п.и.к., доцент, **Т.К. Матикеевге** жана ОшМУнун педогогикалык борборунун директору, п.и.к.,доцент, **А.Б. Батыралиевге** тапшырылсын. **Аткаруу мөөнөтү 01.03.2020-жыл.**
2. **Кафедра башчыларына** тиешелүү практиканын түрлөрү боюнча стандартка ылайык жана НББПнын КНнын негизинде программалары иштелип чыгарылсын, ар бир практикага жооптуу окутуучунун бул программа чегинде аткарылуучу иш пландары түзүлүп бекитилсин. **Аткаруу мөөнөтү 01.02.2020-жыл.**
3. **Факультеттин декандарына** практика жетекчилери кафедра башчылары менен биргеликте сырттан окуу бөлүмүндө окуган студенттердин сабактарга катышуусун, тиешелүү практиканын түрлөрү боюнча практика өтөөсүн жакшыртуучу иш чараларды иштеп чыгуу аркылуу студенттердин сессияларга катышуусун активдештирүү милдеттендирилсин. **Аткаруу мөөнөтү:** ***окуу жыл ичинде*****.**
4. **Кафедра башчыларына** практикага бөлүнгөн студенттин келбегендигине байланыштуу саат жүктөмдөрүнүн аткарылбай жаткандыгын эске алып практиканы уюштуруунун, өткөрүүнүн жана баалоонун инновациялык жолдорун (on Line байланыштар жана башка) изденүү сунушталсын. **Аткаруу мөөнөтү 01.03.2020-жыл.**
5. **Кафедра башчыларына** сырттан окууга керектүү предметтердин видеолекциялардын, практикалык сабактардын, лабораториялык иштерин жаздыруу активдештирилсин.
Аткаруу мөөнөтү: ***окуу жыл ичинде*****.**
6. Бардык факультеттин сырткы бөлүмүнүн **практика жетекчилерине** практиканын буйруктарын өз убагында чыгаруу милдеттендирилсин.
Аткаруу мөөнөтү: ***окуу жыл ичинде*****.**
7. Тегерек столго келбеген **кафедра башчыларына** жана **практика жетекчилерине** тиешелүү факультеттин жетекчилиги тарабынан чара көрүлсүн, жана тегерек столдун чечимдерин аткаруу милдеттендирилсин.

Тегерек столдун төрайымы: Жумабаева Т.Т.

Катчы: Омурзакова Г.А.